Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, профессор **Искендерова Суусар Искедеровнанын** 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин “**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары**” деген темадагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Ажыбаев Артур Шарапидинович тарабынан даярдалган “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары” деген темадагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертациялык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иштин мазмуну жана илимий-теориялык деңгээли 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган.

**2. Иштин максаты катары** изденүүчү кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын ар тараптан ачып көрсөтүүгө аракет жасап, аталган форманын элдик оозеки чыгармачылыктын туу чокусу болгон “Манас” эпосундагы, кенже дастандардагы, элдик ырлардагы, орток-түрк жазма адабий мурастарындагы, байыркы таш жазма эстеликтериндеги, жазгыч акындар чыгармачылыгындагы жана профессионал жазма адабиятынын үлгүлөрүндөгү колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө кайрылат. Демек, изденүүчүнүн алдына койгон максаты, албетте, адабият таануудагы актуалдуу маселелердин катарында турат.

Алгач, изденүүчү эпистолярдык форманын өнүгүү тарыхына кайрылып, анын генезиси, түрлөрү, формалары, классификациясы тууралуу кеңири маалыматтарды келтирет. Ар түрдүү илимий булактарга таянуу менен анализ жүргүзүп, өз көз караштарын ортого салган.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн диссертацияда төмөнкүдөй милдеттер белгиленген:

1. Эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөө;
2. Эпистолярдык форманын жанрдык аныктамаларын, жеке өзүнө таандык белгилерин, түрлөрүн жана өнүгүү эволюциясын талдоого алуу;
3. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү багыттарын талдоого алуу;
4. Жеке адабий каттардын спецификасын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
5. Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын талдоого алуу;
6. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын функцияларын анализдөө.

Изденүүчүнүн ийгилиги катары бул теманы талдоого алууда эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын, анын ар бир доордогу өнүгүү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүп бере алгандыгы десек болот. Мисалы, кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары тууралуу:

1. ЭФ – кыргыз адабияты жаңыдан түптөлө баштаган мезгилдеги чыгармаларда колдонула баштаган. М.: С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” повестинде.
2. Кыргыз акындарынын улуу муундагы өкүлдөрү ЭФнын лирикалык кайрылуу жанрына басым жасашкан. А.Токомбаевдин “Жооп кат”, А.Осмоновдун “Курбума кат”, Б.Сарногоевдин “Уулумат кат” ырлары буга мисал.
3. Кыргыз поэзиясында эпистолярдык форманын сатиралык кайрылуу жанры колго алынган. Б.Сарногоевдин “Мидинге кат” поэмасы буга мисал.
4. Кыргыз прозасында эпистолярдык форма сюжетти өнүктүрүүдө, композициялык курамда, образдарды ачып берүүдө, терендетүүдө колдонулган.
5. ЭФнын өнүгүүсүндө жаңы маалыматтык технологиялардын маалымат берүү ыкмаларынын өзгөрүп жатышы, СМС, Вотсап ж.б. соц. тармактардагы кат алышуулардын мазмундук-формалык жактан өзгөрүүгө дуушар болушу;

6. Маалымат алуудагы символдордун колдонулушу – башатка кайтуу тенденциясын пайда кылууда.

Демек, диссертанттын алдына койгон милдеттери коюлган максатка жетүү үчүн адабияттын негизги баскычтарында, этаптарда белгиленип, мүмкүн болушунча системалуу ишке ашырууга жол ачкан.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Диссертациянын негизги изилдей турган объектиси – кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма жана анын өнүгүү тенденциялары болуп саналат. Бул үчүн адабиятчы К.Артыкбаевдин “ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы”, академик О.Ибраимовдун “История кыргызской литературы ХХ века” аттуу фундаменталдуу эмгектериндеги жана айрым адабиятчы-илимпоздордун эпистолярдык формага байланыштуу маалыматтарына кайрылат. Демек, иштин негизги объектиси максатка шайкеш келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант илимий иштеги негизги максатына жана ага жетүү үчүн коюлган милдеттерди орундатууда адабият таануудагы алгылыктуу методдорго таянат.

Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын жанрдык табиятын, белгилерин жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү үчүн *проблемалуу-тематикалык* ыкманы пайдаланса, аталган форманын генезисин, калыптануу жана өнүгүү эволюциясын ачып көрсөтүүдө *генеологиялык* ыкманы пайдаланат. Ал эми эпистолярдык форманын дүйнөлүк, орус, казак ж.б. канатташ элдердин адабияттары менен салыштырып талдоого алууда *салыштырма-тарыхый* метод жетекке алынган. Демек, диссертацияны жазуу үчүн тандалып алынган ыкмалар негизги максатка жетүү үчүн туура тандалып, ар бир коюлган милдеттерге ылайык келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Кыргыз адабиятындагы аталган форманын максат-милдеттери, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, теориялык-практикалык маселелери ушул кезге чейин комплекстүү талдоого алынбай келген. Аталган форманын илимий-теориялык базасы, жанр катары бөтөнчөлүктөрү, классификациясы

тууралуу атайын изилдөөлөрдүн жоктугу – улуттук адабияттагы эпистолярдык форманын табиятын толук жана ар тараптуу түшүнүүгө өз кедергисин тийгизип турган. Демек, эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, жанрдык табиятын, орду менен ролун, өнүгүү тенденцияларын, түрлөрү менен формаларын ар тараптан ачып көрсөтүү – илимий иштин актуалдуулугун туюндурат. Демек, диссертациянын темасы актуалдуу.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

А.Ажыбаев бул темага түздөн-түз жана кыйыр тиешеси бар чет элдик, орус жана кыргыз адабиятынын айрым өкүлдөрүнүн эмгектерин кеңири пайдаланууга умтулуп, аларга кылдат мамиле жасап, мүмкүн болушунда өз изилдөөсүндө колдонууга аракет жасаган. Мисалы, эпистолярдык форманын табияты тууралуу адабиятчы-окумуштуулар К.Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Мусаев, С.Жигитов, А.Акматалиев, Л.Үкүбаева, О.Ибраимов, С.Тиллебаев ж.б. окумуштуулардын эмгектерин коюлган милдеттерди чечүү үчүн ылайыгына жараша колдонуп, зарыл учурда окумуштуулардын айрым пикирлери боюнча полемикага чыгып, сынчыл пикирлерди жаратууга жетишет. Мисалы, адабиятчы К.Артыкбаевдин С.Карачевдин “Эрксиз күндөрдө” повести боюнча айткандарын иликтөөгө алууда диссертант өз оюн билдирет (19-бетте). Демек, диссертант тема боюнча өзүнө чейин жарык көргөн илимий эмгектерге кыйла кенири талдоо жүргүзүп, алардын негизинде каралган маселеге объективдүү баа бере алган.

**3. Илимий натыйжалар**.

Диссертант коюлган максатка жетүү үчүн белгиленген милдеттердин негизинде маселени талдай отуруп 6 пункттан турган илимий жыйынтыктарды чыгарган. Ал илимий жыйынтыктардын айрымдары жарым жартылай жаңы болсо (мисалы, 1-2 пункттар) калгандары иштин максатына ылайык жаңычыл мүнөздөгү жыйынтыктар (3-6 пункттар) деп баалоого болот.

Айрым жыйынтыктарын талдоого алсак, диссертант “кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма адабияттын өнүгүү тарыхы менен бирге жашап, өзүнө тиешелүү белгилери калыптанып, адабий чыгармачылыктын ар кыл түрлөрүндө кеңири колдонулуп келген өз алдынча жанр”, – деген жыйынтыкка келет. Чындыгында, эпистолярдык

форманын жанр катары өзгөчөлүктөрүн аныктоодо улуттук адабияттагы аталган форманын айрым теориялык маселелерине окумуштуулар К.Артыкбаев, К.Асаналиев, О.Ибраимовдор учкай гана кайрылып өткөнү болбосо, эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын толук жана жеткиликтүү иликтеген эмгектер аткарылган эмес.

Эпистолярдык форманын ташка чегилген сүрөттөрдө, эпитафияларда сакталып калгандыгы баса белгиленди. Ал эми кыргыз адабиятындагы аталган форманын генезиси элдик оозеки чыгармачылыкта, орток-түрк адабиятында, Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде жана жазгыч акындар чыгармачылыгында жаткандыгы конкреттүү мисалдар менен ачып берүү багытындагы корутундуларын жаңычыл мүнөздөгү жыйынтыктар деп баалоого болот.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Изилдөөдө алынган негизги жыйынтыктар жогорку окуу жайларында, орто мектептерде адабият сабагын, илимий окууларды уюштурууда, курстук жана квалификациялык иштерди аткарууда материал болуп бере алат. Филология багытындагы студенттерге, изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот. ЖОЖдордогу “Кыргыз адабияты” курстары боюнча лекция, семинардык сабактарды өтүүдө бул изилдөөнүн материалдары практикалык өңүттө студенттерге, магистрлерге, аспиранттарга, адабият изилдөөчүлөрүнө таяныч материал болуп берет.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган.**


1. **Ажыбаев, А.Ш.** “Эрксиз күндөрдөгү” эпистола” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КРУИАнын Кабарлары, 2022. – №2. –122-126-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49772351
2. **Ажыбаев, А.Ш.** “Б.Сарногоевдин чыгармачылыгындагы эпистолярдык форманын орду” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // КР УИА нын Кабарлары, 2022-жыл, № 2.– 34-38-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50178715
3. **Ажыбаев, А.Ш.** “Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КР УИА нын Кабарлары, 2023-жыл, № 2. – 103-109-б. https: // www. elibrary. ru/item. asp?id=53699886
4. **Ажыбаев, А.Ш.** “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары” [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // БГУ жарчысы, 2023. - №2(64). – 55-159-б. Vestnik_bgu@mail.ru

5. **Ажыбаев, А.Ш.** "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын типтери" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // Б.Осмонов атындагы ЖАГУнун Жарчысы 2023. - №3.

6. **Ажыбаев, А.Ш.** "Кыргыз адабиятынын проза жанрындагы эпистолярдык форма" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев //«Alatoo Academic Studies» 2023. - №3,–191-204-б. https://aas.alatoo.edu.kg/

7. **Ажыбаев, А.Ш.** "Генезис эпистолярной формы" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 9-2 (84) сентябрь 2023. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy

8. **Ажыбаев, А.Ш.** "Эпистолярная форма в творчестве Ч.Айтматова" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 1-3 (88) январь 2024. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши;**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине шайкеш келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**

1) Биринчи баптын биринчи бөлүмүндө эпистолярдык форманын дүйнөлүк жана орус адабиятынын алкагындагы изилдөөлөргө көбүрөөк орун берилип, улуттук адабияттын контекстиндеги изилдөөлөр азыраак. Ошондуктан, төл адабиятыбыздагы изилдөөлөрдү толуктоо керек;

2) Экинчи баптын экинчи бөлүмүндөгү жеке адабий каттар тууралуу маалыматтарды толуктоо зарыл;

3) Айрым стилистикалык каталарды ондоп, редакциялоо керек (5-бетте).

Ошол эле учурда белгиленген мүчүлүштүктөр изилдөөнүн жалпы мазмунуна жана деңгээлине өз таасирин тийгизе албайт. Эмгек структуралык жактан тыкан жана ырааттуу уюштурулуп, максат-милдеттер ыраттуу жүзөгө ашырылган. Жалпысынан, диссертация талаптагыдай илимий-теориялык деңгээлде аткарылган, өз алдынчалыгы шексиз жогору жана коюлган максат, милдеттер өтөөсүнө чыгарыла аткарылган иш катары баалап, жактоого сунуш кылса болот.

**7. Сунуштар.**

Изилдөөнүн жүрүшү боюнча чыгарылган айрым жыйынтыктарды, корутундуларды көркөм тексттен алынган мисалдар менен дагы тереңдетип далилдөө зарылдыгы бар. Биздин пикирибизде диссертациянын көлөмдүк чектөөлөрү буга жол берген эмес. Бирок автор келечекте ушундай иштерди жүргүзөт деген ойдомун.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары

10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий кадрлары бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары” кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

Биринчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: ф.и.д., КР УИАнын мүчө-корреспонденти Ж.Бакашованы (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам.

Ж.Бакашованын илимий эмгектери:

[“Ч. Айтматовдун повесттериндеги сүрөттөө каражаттарынын көркөмдүк функциясы” (1992), “Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсү” (А. Садыков менен авторлош) (1997)].

[“Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы салыштыруу жана метофора” (1997)].

[“Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы стилдик бөтөнчөлүктөрү” (1998)].

Нурзат Казакованын илимий эмгектери:

[Казакова Н. XIX кылымдагы кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлүү жагдайлар [Текст] / Н Казакова. – Вестник Бишкекского гуманитарного университета, 2015.

[Казакова Н. XIX век: киргизские литераторы, изданные в Уфе и Казани [Текст] / Н. Казакова. – Международный журнал экспериментального образования, – 2017. [Электронный ресурс] / Режим доступа: https://s.expeducation.ru/pdf/2017/2017_3_2.pdf#page=46]

[Казакова Н. Жеңилбес рух, күчтүү эрк (Ч. Айтматовдун" Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" жана Э. Хемингуэйдин" Чал жана деңиз" чыгармаларынын мисалында). [Текст] / Н Казакова. –Alatoo Academic Studies 7 (2), 44-51].

**8. Сунуштамалар:** Дисссертациянын кеңейтилген вариантынын өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

**9. Корутунду.** Диссертант Артур Ажыбаев өз изилдөөсүндө койгон максат, милдеттерин жалпысынан аткарууга жетишип, жаңычыл мүнөздөгү илимий жыйынтыктарды берүүгө жетишкен. Диссертанттын кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын жанрдык мүнөзүн эске алуу менен аны көркөм ыкма катары колдонуудагы келтирген пикирлери колдоого татыктуу. Ошондой эле аталган форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү тууралуу жасаган анализдери колдоого арзыйт. Ал эми аталган форманын элдик оозеки чыгармачылыктагы, жазгыч акындар чыгармачылыгындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү тууралуу айткан ойлору жаңычыл мүнөздө болуп, иштин актуалдуу экендигин көрсөтөт.

Корутундулап айтканда диссертациялык иш боюнча ЖАКтын талаптарына ылайык журналдарда илимий макалалары жетиштүү санда

жарыяланган. Автордун өз алдынча ой жүгүртүп, анализдеп, синтез алууга жана боолголорун билдирүүгө болгон аракети колдоого арзырлык.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары"** деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт, филология илимдеринин**
**доктору, профессор** **Искендерова С.И.**
**... … 2024.**

***Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын***
**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**